УДК 316

**БЕДЕЛБАЕВА А.З.**
*Ж. Баласагына атындагы КУУ*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**BEDELBAEVA A.Z.**
*J. Balasagyn KNU*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКИ ДЕҢГЭЭЛДҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫ

## Условия реализации двухуровневого образовательного процесса Кыргызской Республике

## Conditions for the implementation of a two-level educational process in the Kyrgyz Republic

***Аннотация:*** *Макалада эки деңгээлдүү жогорку билим берүүнү ишке ашыруу жогорку билим берүү чөйрөсүн комплекстүү өзгөртүүнүн негизги элементи болуп саналат. Эки деңгээлдүү билим берүү процессин киргизүү менен жогорку профессионалдык билим берүүнүн сапаты жана жеткиликтүүлүк принциптеринин ортосундагы оптималдуу мамилелештикти издөө маселеси каралган.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается внедрение двухуровневого высшего образования, так как она считается основным элементом комплексного преобразования сферы высшего образования. С введением двухуровневого образовательного процесса решается проблема поиска оптимального соотношения между принципами доступности и качества высшего профессионального образования.*

***Abstract:*** *The article discusses the introduction of two-level higher education, as it is considered the main element of a comprehensive transformation of higher education. With the introduction of a two-level educational process, the problem of finding the optimal balance between the principles of accessibility and quality of higher professional education is solved.*

***Урунттуу сөздөр:*** *реформалоо, Болон процесси, бакалавр, магистр, эки деңгээлдүү билим берүү процесси, окуу процесси.*

***Ключевые слова:*** *реформирование, Болонский процесс, бакалавр, магистр, двухуровневый образовательный процесс, учебный процесс.*

***Keywords:*** *reformation, Bologna process, bachelor's, master's, two-level educational process, educational process*

Глобалдаштыруу шарттарында билим берүүнүн модернизациясы - биздин республикабыздын алдында турган талкуулоочу көйгөйлөрдүн бири. Азыркы учурдагы билим берүүнүн өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары жана мамлекеттик билим берүү саясаты, билим берүүдөгү улуттук фактор жана башка көйгөйлөр алардын ичинде Болондук декларацияны ишке ашыруу менен байланышкан көйгөйлөр болот. 1993жылы эле КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында баклаврларды жана магистрларды даярдоо аныкталганын белгилей кетиш керек.

Объективдүү муктаждык жана негиз салчу нормативдик-укуктук шарттар Кыргыз Республикасынын жогорку профессионалдык билим берүүнүн бардык системасын такыр эле диверсифисация жана дифференциация кылууга жол берди [1, с.132-133].

Эл аралык талаптар жана стандарттарга келтирүү максатында мамлекеттикулуттук билим берүү системасын трансформация кылуу актуалдуу болуп жатат. Бул үчүн кийинкилерди жасаш керек:

1) Болон декларациясына ылайык билим берүү системасын интеграция кылуу;

2) Жогорку билим берүүнүн массалыгынын жана элиталуулугунун айкалышы (элиталык жождор болусу керек);
3) ЖОЖдогу билим берүү жана изилдөө процесстеринин биримдигин бекемдөө;
4) ЖОЖдорду жарандык коомдун идеяларын ишке ашыруучу нерсе кылуу- эркиндик, адилеттик, чыдамкайлык, мыйзамга баш ийүү ж.б.- албетте, Кыргызстандын бардык элдерине таандык улуттук салт жана өзгөчөлүктөрдү сактап калуу менен [10].

Билим берүүнүн атаандаштыка туруштук бере алышына жетүү биринчиден анын сапатына көз каранды. Бул азыркы көп өлкөлөрдүн биринчи маселеси болот, ошон үчүн Болондук декларацияда академиялык насыя системасын киргизүү жөн жерден биринчи орундарда турбаса керек, бул студенттердин жана окутуучулардын мобилдүүлүгүнүн өсүшүнүн негизи болот. Бул студенттердин башка ЖОЖдордун окуу материалдарын алууну бир кыйла жеңилдетет, ошол эле учурда көптөгөн кадрдык, мезгилдик жана финансылык ресурстарды жана нормативдик-методикалык базаны түзүүнү талап кылат [9].

Болондук процесске интеграция кылуунун негизги багыттары болушу керек: бирдиктүү нормативдик-укуктук билим берүү мейкиндигин түзүү; Интеграциялык комитеттин, Бажы биримдигинин, билим берүү аймагындагы Борбор-азиялык өлкөлөрдүн Эл аралык аткаруучу комитетинин иштеринде катышуу [12].

Экинчи муундун Мамлекттик стандарты ар кайсы мезгилде көбүнчө ар кандай жол менен бакалавр жана адисти даярдоо программалары үчүн иштетилген, бул лицензияланган билим берүү программаларынын номенклатурасын ишке ашырган ЖОЖдордогу окуу процессин уюштуруу технологиясын татаалдатты. Ошол эле учурда бакалаврларды даярдоо стандарттары кең фундаменталдык жана гуманитардык негизде түзүлгөн.

Бакалавриат жана магистратура үлгүлөрү бүтүрүүчүлөрдү бир гана илимийизилдөөчү жана илимий-педагогикалык ишке гана даярдоону түшүндүргөн.

Кээ бир ЖОЖдор бир нече жыл мурун демилгеленген эки денгээлдүү системаны киргизүү структуралык өзгөрүүлөрдө гана билинип, ал эми даярдоонун сапат маселеси жакында эле айтыла башталды деп белгилешет. Буга байланыштуу азыркы учурда Кыргыз Республикасында жогорку профессионалдык билим берүүнүн эки денгээлдүү системасынын алдыдагы өнүгүшү жөнүндө маселе турат. Мунун объективдүү зарылчылыгы биринчиден КМШда бул суроо негизги жана акыркы чечимге келгени менен шартталаган. Бул КМШ билим берүү мейкиндигине бир кыйла өзгөрүүлөрдү киргизди, муну менен Шериктештин башка өлкөлөрүн да адистерди даярдоонун көп деңгээлдүү системасына эртерээк өтүүгө үндөп жатты. Экинчиден бул жалпы европалык Болондук процесстин фундаменталдуу талабы. Белгилүү болгондой 2009жылы Левен шаарында (Бельгия) Кыргызстан “Болондук процесс-2020. Жогорку билим берүүнүн жаңы он жылдыктагы Европалык мейкиндиги”- коммьюникесине кол койгон жана өзүнүн стратегиялык пландарында жалпы европалык билим берүү мейкиндигине кошулуу ойлору жөнүндө жарыялаган [1].

Буга байланыштуу 2011-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн “Кыргыз Республикадагы жогорку профессионалдык билим берүүнүн эки денгээлдүү структурасын орнотуу жөнүндө” токтом чыгарган, компетенттик негизде бакалаврларды, магистрлерди жана диплом алган адистерди даярдоонун үчүнчү муундагы жогорку профессионалдык билим берүүнүн Мамлекттик стандарттын макеттерин иштеп чыгарган, ошондой эле жогорку профессионалдык билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктеринин мамлекеттик Классификатору иштеп чыгарылган.

Кыргызстанда жогорку профессионалдык билим берүүнүн эки денгээлдүү структурасы орнотулган, ошондой эле жаңы муундагы Мамлекттик стандарт макеттери иштеп чыгуу процесси башталган. Кээ бир стандарттар бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бербейт жана кайра иштеп чыгууну талап кылат.

Болондук процесске интеграция кылуу артынан ЖОЖдордо эки деңгээлдүү системага өтүү ишке ашып жатат, ECTS насыя системасы киргизилет, студенттерге

керектүү окуу дисциплиналарын тандоо эркиндиги берилет жана өздүк окуу планын түзүү мүмкүнчүлүгү, студенттердин мобилдүүлүгүнүн жогорулашы жана билимди баалоонун модульдук-рейтингдик системасы колдонулат ж.б.

Реформанын жактоочулары бирдиктүү европалык стандарттар студенттерге өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткенге жол берет деп ойлошот. Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорун бүткөн бакалавр мисалы Сорбонада билим ала алат. Андан сырткары реформа окуу же иштөө деген дилемманы чечет. Студенттер бакалавр диплому менен иштейби же магистратурага тапшырабы тандоого мүмкүнчүлүк алышат. Ошол эле учурда алар туура эмес багытта окуп жатканын түшүнсө убакытты үнөмдөй алышат. Эки деңгээлдүү билим берүүнүн жакшы жактарына ал перманенттик өзгөрүлүп турган социалдык сурамга жакшы ыкташат экени кирет.

Кээ бир эксперттердин ою боюнча жогорку мектепти реформалоо биздин студенттерди европалык студенттерге айланта албайт, жана чет өлкөлүк билим берүү системасына жакындай албайбыз, анткени бизде билим берүү Мамлекттик стандарты европаныкы менен макулдашылган жана бирдиктүү окуу курстары жок.

Мындан да чоң көйгөй бул Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна зачеттук бирдиктердин жалпы европалык системасын киргизүү турат. Биринчиден, кыйынчылыктар эки деңгээлдүү даярдыка өтүү билим берүү стратегиясынын маанисин карабастан ишке ашырылса пайда болот. Мындай жол менен курулган билим берүү программалары үчун зачеттук бирдиктер системасы ашык болгондой көрүнөт [2,с. 25].

Билим берүүнүн эки денгээлдүү системасына өтүү бир катар жакшы жактары бар экенин да белгилөө керек:

- окуунун түрдүк мөөнөтү 6 жылга чейин көбөйөт;
- магистратуранын алдында конкурстук барьер коюлат; бир багытка бир нече адистиктер кошулат, бир катар адистиктер боюнча иштей ала турган өйдө денгээлдүү бакалаврларды даярдоо дегенди түшүндүрөт;
- ЖОЖдун магистратурасында толук эркиндик берилет, мамлекеттик компонент жокко эсе [4].

Азыркы убакта саясий жана экономикалык мүнөздөгү объективдүү кыйынчылыктарга байланыштуу Кыргызстанда Республиканын билим берүүсүн эл аралык системага кеңири интеграция кылууда эл аралык уюмдардын жана ЖОЖдордун жардамы керек. Мисалы, Кыргызстанда ЮНЕСКО-ЮНЕВОК борбору түзүлгөн жана иштеп жатат, ал профессионалдык билим берүүнү реформалоого жол бериши керек. ЮНЕВОК-ЮНЕСКОнун иштери боюнча Кыргызстандын улуттук комиссиясы билим берүү чөйрөсүндөгү Негизги башкаруу, тагыраак айтканда окуунун заманбап технологияларын киргизүү аймагында жана Кыргызстандагы билим берүү системасын реформалоо процессиндеги кадрларды даярдоо менен иштейт. USAID, IREX, ACSELS, “Сорос-Кыргызстан” фондунун борбору сыяктуу уюмдар окуу жайларды заманбап техника, компьютер техникалык жабдуулар түрүндө жардам беришет, ошондой эле кыргызстандыктардын чет өлкөдөгү окуусун финансылайт [11]. Ж.Баласагын атындагы КУУнун инновациялык технологияларынын Евразиялык институтунда(ЕвразИИТ) 2006-жылдын сентябрынан тарта эки компетенция-информатика жана социалдык илимдер боюнча магистрдик программаны иштеп чыгуучу “ТЕМПУС” долбоору долбоордун партнерлору-европалык ЖОЖдор менен биргелекте ишке ашкан [5].

Магистратуранын окуу процесси үчун педагогикалык технологияларын аныктай кетсек. Магистрдык даярдыкта окуу процессинин технологиялары жөнүндө жаш курагынан жана максаттуу багыттарынан “окуучу” болгусу келбеген магистранттар, ар бир дисциплина боюнча убакыты тар болгон окутуучулар жана магистранттардын диссертациялык денгээлде колдоно ала турган курсу боюнча жетүү зарылчылдыгы маселеси турат. Бул билим берүүнүн андрогогикалык технологияларынын негизи катары турган бир катар белгилер бар экенин түшүнүү: адамдын спецификалык окуу ишмердүүлүк чөйрөсүн кошуу, ал анын компетенттүү, алдыга умтулган, чыгармачыл,бат өзгөрүлүп турган чөйрөгө ыкташкан, практикадагы

маселелерди эффективдүү чече алган жана пландалган жыйынтыка жетүүчү адам катары анын мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт.

Окутуучу окуу процессинде жаңы функцияларды аткарат:

- чоңдорду окутуу технологиясы боюнча эксперт;
- окуу процессинин бардык катышуучуларынын бирге кылган ишмердүүлүгүн уюштуруучу;
- окуп жаткандардын устаты,консультанты,дем берүүчү;
- окуунун жакшы жана психологиялык шарттарын түзүп берүүчү жана окууга адаптация кылуу;
- окуп жаткандарга керектүү билим, ык,шык жана сапаттын булагы;
- индивидуалдуу максатты түшүнүү технологу, билим берүү сурамдардын, рефлексивдүү баа берүүчү жобонун диагностиги [6].

Ошондо массалык билим берүүдө окуунун магистрдик программаларын киргизүү ЖОЖдордун жаңы форматтагы кадрларды даярдоо, методикалык камсыздоо жана жалпы чоңдорго окуу процессин уюшурууга даярдыгы жөнүндө маселе койот.

Дагы башка көйгөй болуп Кыргыз Республикасындагы бардык билим берүү системасынын өнүгүү стратегиясын концептуалдык тандоо мектепке чейинкиден баштап ЖОЖдон кийинки билим.

Бүгүнкү күндө биздин республикада окууну уюштуруунун 2 системасын колдонушат: салттык жана инновациялык. Салттыка салыштырмалуу инновациялык окуу адамдын коомдогу баттан каторулган өзгөрүүлөргө даярдыгы, чыгармачылыка жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүнүн артынан белгисиз келечеке даярдыгы, ар кандай ой жүгүртүү формаларына, ошондой эле башка адамдар менен иштешүү жөндөмдүүлүгүнө багытталган. Катуу нормативдүүлүктөн  эвристикалыка өтүү окутуучунун окуунун көйгөйлүүлүгүнө көрсөтмө коюуусу, билим берүүдөгү маалыматтык түрүнө каршы турган илимий издөөдөн көз каранды.

Мисалы Д.Дьюинин ою боюнча студент эмнени жана кантип окуйт экенин өзү чечиши керек болчу. Бул учурда окууга  жана тарбияга  баа берүү критерийи болуп студенттин өнүгүүсү болгон, ал эми окутуучу болсо студентти кунт коюп карап жана аны багыттап турушу керек [3]. Бул негизе насыя-система түзүлгөн, ага: окуу пландар, окуу дисциплиналарынын стандарттары, билимди баалоо системасы, окуу процессин индивидуалдык багытта уюштуруу, окутуучулар милдети кирген.

Кыргыз Республикасы көз карандысыз болгондон кийин 20 жыл ичинде кадрларды чыгаруунун салттык үлгүсүнүн негизинде курулган билим берүү системасы  кандайдыр бир жакшы жыйынтыктарды бере алган жок.

Азыркы убакта көптөгөн ЖОЖдор 4+2+2-бакалавриат-магистратурадокторантура формуласы боюнча тузүлгөн билим берүү программалары боюнча окууга өткөн. Ошол эле учурда уюштуруучу-методикалык реформаларды өткөрүүдөн тышкары аларды чындап эле толуктап, практикалык мааниси да маанилүү. Ал үчүн кийинки шарттар керек:

1) инвестициялык жагымдуулук, илимдин жана билим берүүнүн структуралык кайра курулушу жана бизнес жана өндүрүш менен катуу байланыш орнотуу, билим берүү тейлеми жана интеллектуалдык иштин рыногун түзүү;
2) эл аралык атаандашка туруштук берүү, башкача айтканда “эптеп жашап кетүү” режиминен “турукташкан динамикалык өнүгүү” билим берүү кызматтарын экспорт кылууну өнүктүрүү боюнча иш-чаралар комплексин ишке ашыруу режимине өтүү;
3) ЖОЖдордо маркетинг, келишим мамилелер менен иштеген жумуш берүүчүлөр, окутуучулар жана студенттерди кеңири тартуу менен окуу процессинин сапатын башкаруу системасын түзүү;
4) инновациялык ишмердүүлүктүн инфраструктурасын өнүктүрүү-илимийтехнологиялык парктар, инновациялык-технологиялык борборлор, инновациялык-өндүрүш комплекстери [9].

Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги менен профессионалдык-техникалык билим берүү Агентствосу нормативдик-укуктук пакети иштелип чыккан, ага кирет: “2020-жылга чейин билим берүүнүн өнүгүү концепциясы”, 2012-жылдын 23-мартынан №201 өкмөттүн токтомунан “2012-2020жылдарга билим берүүнүн өнүгүү стратегиясы”, жана стратегиянын бөлүгү катары- “ 2012-2014-жылдардагы билим берүүнүн орто мөөнөттүк өнүгүү программасы”. Мурда билим берүүнүн өнүгүшүнө арналган өзүнчө документ жок болгонун белгилей кетиш керек. Стратегияда приоритет кеңири секторалдык мамиле(SWap) катары катталган, бул билим берүү секторун бириккен финансылоо болуп жатканы, ал жерде консолидацияланган донордук каражаттар бюджетти түздөн-түз колдоосу. Документтерде адам жаңы квалификация алыш үчүн жана бар квалификацияны көтөрүш үчүн канча жолу керек болсо ошончо жолу билим берүү системасына кайтып келүүгө мүмкүнчүлүк алышы керек деген токтом бар. Ошон үчүн мамлекеттин билим берүү чөйрөсүндө саясаттын негизи болуп окуп жаткан коомдо жана өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу болуп саналат [8].

2020-жылга чейин билим берүүнүн өнүгүү концепциясында билим берүү системасы эки базалык процесстин макулдашуусун камсыздашы керек деп айтылган:

1) маданияттын өзгөчөлүгүн өнүктүрүү жана сактап калуу, улуттук өзгөчөлүктү жана маданияттардын ар түрдүүлүгүн колдоо;
2) Кыргызстанды аймактык жана глобалдык билим берүү мейкиндигине кошуу [7].

Билим берүүнүн эки деңгээлдик системасынын педагогикалык потенциалын эффективдүү колдонуусу жана ЖОЖдун дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү жогорку профессионалдык билим берүүнүн максаттарына жетүүгө жол берет жана ар кандай деңгээл жана профилдеги өйдө квалификацияланган, атаандаштыка туруштук бере алган, компетенттүү, социалдык жана профессионалдык мобилдүү адистерди даярдоо боюнча мамлекеттик маселени ийгиликтүү чечүүгө жол берет.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Абакирова, Г.Б. Интеграционные процессы в вузах Кыргызстана [Текст] Б.Абакирова // Евразийская интеграция: экономика, право, политика. – Бишкек, 2012. – №12. – С.132 – 133
2. Абакирова, Г.Б. Руководство по применению ESTC в Кыргызстане [Текст] / Г.Б.Абакирова, Ч.У.Адамкулова, Р.Р.Бекбоева и др.: сборник нормативных документов. Проект TEMPUS. – Бишкек, 2007. – 59 с.
3. Айдаралиев, А.А. Реформа высшего образования в Кыргызстане: возможность внедрения опыта университетов США [Текст] / А.А.Айдаралиев // Проблемы интеграции вузов Центральной Азии в мировое образовательное пространство. – Бишкек, 1997. – С. 28–41.
4. Апезова, Д. Образовательная политика Европейского союза в условиях глобализации [Текст] / Д.Апезова. – Бишкек, 2006. – С.99.
5. Байсалов, Д.У. Научно-методические основы создания и использования модульного обучения методической подготовке студентов – математиков в педвузе [Текст]: дис. …докт. пед. наук: 13.00.01 / Д.У.Байсалов. – Алматы, 1998. – 309 с.
6. Бурэ, К.С. Реформа высшего образования: экспансия бакалавров и магистров [Текст] / К.С.Бурэ // Вопросы образования. – М., 2008. – № 2. – С. 52–73.
7. Колесов, В. Повышать уровень теоретической и методологической подготовки бакалавров и магистров [Текст] / В.Колесов // Высшее образование в Кыргызстане. – Бишкек, 2008. – № 12. – С.41–46.
8. Рыскулов, С.К. Об академической степени PHD и о проблемах подготовки научных кадров [Текст]: / С.К.Рыскулов, К.Т.Бердибаева // Высшее образование Кыргызской Республики. – Бишкек: EdNet, 2012. – № 4/18. – С. 9–12.

9. Слободчиков, В.И. Проблемы становления и развития инновационного образования [Текст] / В.И Слободчиков // Инновации в образовании. – М., 2003. – № 2. – С. 4–28.
10. Стратегия развития образования в Кыргызской Республике на 2012–2020 годы. Режим доступа: http://edu.gov.kg/ru/presscentr/novosti/305. html.
11. Филатова, О.В. Формирование профессиональной компетентности бакалавра и магистра социальной работы (теоретико – методологический аспект) [Текст] / О. В. Филатова, Ю.И. Ильина // Aima Mater: Вестник высшей школы. – М., 2010. – № 7. – С. 54–60.
12. Черноус, Т.Ф.Интеграция и развитие интеллектуального потенциала Кыргызской Республики [Текст] / Т.Ф. Черноус // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2011. – Т. 11. – № 6. – С.148–151

***Рецензент: Салморбекова Р.Б.*** *– социалогия илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын профессору.*